УДК: 371.3:91

Султанов Ж.М.

*Ош мамлекеттик университети*

# ГЕОГРАФИЯНЫ ОКУТУУДА ЭКОЛОГИЯЛЫК ТАРБИЯ БЕРҮҮНҮН ЖОЛДОРУ ЖАНА УСУЛДАРЫ

*Макалада мектепте география сабагын өтүүдө экологиялык тарбия берүүнүн жолдору жана усулдарын колдонуунун маңызы чагылдырылган.*

Мектепте экологиялык тарбия жана билим берүү сабактар аралык негизги мамиле болуп эсептелет. Ошондуктан экологиялык тарбия берүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн ар кандай сабакта өзүнүн милдетине жана маңызына карап түрдүү багыттарда чечүүнү максат кылат.

Экологиялык тарбиянын мазмуну комплекстүү болгондуктан, ал идеологиялык, илимий, адеп-ахлактык, эстетикалык жана практикалык аспектилерди өз кучагына камтыйт. Аларды чечүү үчүн мектеп курстарында география, биология, химия, физика, адабият ж.б. сабактарында ыңгайлуу шарттар түзүлгөн.

Экологиялык тарбия берүүнүн максаты – окуучуларды жаратылышка болгон жоопкерчилигин ойготуу, табиятка туура көз карашты пайда кылуу, коом менен жаратылыштын байланышын түшүнө билүүгө үйрөтүү, табигый ресурстарды сарамжалдуу пайдалануу билимине, курчап турган чөйрөнү коргоого, өз аймагындагы табигый жана чарбалык абалдарга баа бере билүү жана жаратылышта өзүн алып жүрүү эрежелерине ээ болуу. Ошондой эле окуучуларды тарбиялоонун мааниси жаратылышка кызыгуусун пайда кылуу менен бирге теориялык алган билимдерин практикада колдонууга жана коомдук пайдалуу эмгекке жумшоого алып келет.

“Экологиялык тарбияны кандайча жеткирүү керек?” деген максатка ылайыктуу суроо коюу менен, аларды үч чоң топко бөлүп алып, окуу үчүн аларга тиешелүү ар кандай усулдарды колдонуунун негизинде өтүү зарыл:

**1. Маалымат берүү жана окутуу аркылуу экологиялык тарбиялоону төмөндөгүчө бөлүүгө болот:**

а) класстык сабактарда билим берүү;

б) көркөм адабияттар, искусство аркылуу тарбия берүү;

в) аудиовизуалдык каражаттарды пайдалануу аркылуу;

г) үй-бүлөлүк тарбияда.

**а)** Класстык сабактарда экологиялык тарбия берүү, жогоруда айтылгандай, география, биология, адабият, тарых, эмгекти үйрөнүү, ошондой эле математика сабагында да колдонууга болот. Бул сабактардын ичинен география сабагынын мааниси чоң. Себеби бул сабак башка сабактарга караганда экологияга маңызы жана тарбия берүү жагынан жакындыгы менен айырмаланат. География курсу экологиялык маселелерди глобалдык (дүйнөлүк), регионалдык (аймактык) жана локалдык (жергиликтүү) үч деңгээлде караган жалгыз предмет; буларды окуп-үйрөнүүдө край таануу предмети негиз боло алат. Ошондой эле ал предмет экологиялык жактан баа берүү мүнөзүндөгү материалдарды камтыйт.

Мугалим сабак өтүүдө темага байланыштырып, төмөндөгүдөй суроолорду берсе болот: Өнөр жай жана айыл чарба ишканаларынан чыккан таштандылардан дарыяларды кантип тазаласа болот? Эмне үчүн абанын тазалыгы үчүн күрөшүү керек? Чиркей-чымындар пайдалуубу же зыяндуубу? Токой кыйылгандан кийин кандай өзгөрүүлөр болот? Жер көчкүлөрдүн пайда болуусунда токой тилкелеринин жок болуусу кандай роль ойнойт?

Бул суроолор окуучулардын экологиялык ой-жүгүртүүсүн ойготуу менен бирге, укмуштуу дүйнө деңиздин же тоонун ары жагында эмес, өзүбүздүн эле айланабызда

экендигине кызыгуусун арттырат. Аны менен бирге канаттуулардын, өсүмдүктөрдүн баалуулугун, пайдалуулугун, бири-бири менен байланышын ачып көрсөтүү менен окуучунун өзү туулуп-өскөн жерине кызыгуусун, сүйүүсүн жандандыруу керек. Түшүнгөн окуучу эч качан жаратылышка зыян алып келбейт, аяр мамиле кылууну үйрөнөт.

Ошону менен бирге окуучуларга өз мекенинин географиясын окуп үйрөнүүдө да экологиялык-географиялык мүнөздөмөнү төмөндөгүдөй көз караште берүүгө болот:

− жаратылыш факторлору жана жашоо сапаты жөнүндө түшүнүк, жаратылыш чөйрөсү адамдын ден соолугунун негизги фактору катарында;

− адамдын жашоосу үчүн жагымдуу жана жагымсыз жаратылыш чөйрөсүндөгү элементтер;

− жаратылыш чөйрөсүнүн абалына жалпы баа берүү;

− аймактын жаратылыш чөйрөсүнүн абалын анализдөө;

− адамдын жашоосу үчүн жагымдуу шартта жаратылыш чөйрөсүн кармап туруу жана жакшыртуу;

− жаратылышты сактап калуу жолдорунун бири болуп коргоо аймактарын (корук, парк ж.б.) түзүү саналат.

**б)** Көркөм адабияттар жана искусство аркылуу тарбия берүү. Бул жерде маселе окуучулардын көркөм адабияттарды сүйүп окуусу аркылуу экологиялык тарбия алуусунда жатат. Ошондуктан, көркөм адабияттар аркылуу тарбия берүү эмес, тарбия алуу десек оң болчудай. Буга мисал кылып, Ч.Айтматовдун «Кыямат» романын алсак болот.

**в)** Аудиовизуалдык каражаттар окуучулардын экологиялык тарбия алышынын натыйжалуу жолдорунун бири болуп эсептелет. Буларга ар кандай диафильмдер («Кызыл китептер», «Турист, береги природу»), кино фильмдер («Акбаранын көз жашы», «Ак илбирстин тукуму», «Ак кеме» ж.б.) мисал боло алат, ошондой эле теле берүүдөгү атайын жаратылыш таанууга, коргоого багытталган берүүлөрдү («Жаныбырлар дүйнөсү» ж.б.) айтсак болот.

**г)** Ата-энелердин жана улуу муундардын экологиялык тарбия берүүсү, бул маанилүү маселе. Себеби бала ата-эне, бир тууганды менен убактысынын көпчүлүк мезгилин өткөрөт. Ошондуктан ушул учурда аларга ар кандай акыл-насаат, накыл сөздөрдү айтуу, тартипке чакыруу-ар бир улуу инсандын парзы. Балдарга дүйнөнү таануу менен бирге бардык тирүү жандыктардын коргоо жана баалоо керектигин түшүндүрүү абзел. Мисалы, «Кожожашта» жаратылышка таш боор мамиле кылуу акыры барып өзүнө жаман болорун бир нече жолу эскертет. Сур эчкинин сөзүндө айтылган:

Тилегин берсе эчкинин
Сенин да бир күн, Кожожаш,
Көзүндүн жашы көл болоор,
Жаратылыш айлана
Өзү сага жоо болоор [4].

Кожожашка, Ашырга («Карагул ботом») кайберендердин каргышы тийди дешет. Бул төгүн эмес. Алардан «Күнөөсүз жандыктарды өлтүрбө, убалдан корк», «Чөптү кордосоң көзүңө саят» ж.б. деген накыл сөздөрдү эске ала жүрүү – ар бир инсандын милдети.

**2. Жаратылыштын өзүндө тарбия берүү.** Мында токойлорго, талааларга, тоолорго, көлдөргө, айыл чарба өндүрүшүнө, ар кандай ишканаларга уюштурулган экскурсиялар, туристтик жүрүштөр, сейилдөөлөр, саякаттар ж. б. киргизүүгө болот.

**3. Тажрыйба жүргүзүүдө жана практика жүзүндө иштөөдө тарбиялоого** фенологиялык байкоолор, жашылдандыруу иштери, өсүмдүктөрдү жана жаныбарларды коргоо, экологиялык кечелер, КВН, викториналар ж.б. кирет.

Ушул жааттагы маселелерди изилдеген окумуштуулардан мисал келтирсек, Б.И.Кочуров: «Географиялык мамиленин негизи – экологиялык ситуацияны окуу, региондо пайда болгон жана пайда боло турган экологиялык маселелерди үйрөнүү»,−

деген көз карашты айтса [2,1], ал эми югославиялык эколог-адис Д.Ж. Маркович бул пикирди колдоого алып «Экологиялык маселелер, анын пайда болуу себептери жана чечүүнүн жолдору, зарылдыгы жөнүндө билгенде гана экологиялык билим алды десек болот»- деп баса белгилеген [3,1].

Өз мекенинин географиясын окуп-үйрөнүүдө нормалдуу географиялык чөйрө-жашоо сапатынын элементтеринин бири. Айта кетсек, бүгүнкү күндө экономиканы өнүктүрөбүз деп экологиялык маселелерге кезигүүдөбүз (абанын, суунун булганышы, топурактын шор басышы, токойлордун кыйылышы, айдоо аянттын кыскарышы ж.б.). Экологиялык маселелер, чындыгында, географиялык изилдөөлөргө таандык.

Мектепте география боюнча билим берүүнүн негизги принциптери гумандуулук, экологиялаштыруу, тарыхый, предметтер аралык интеграция болуп саналат.

Гумандуулук принцибинен алганда, мектепте бүт көңүл, биринчи кезекте, окуучуларга бөлүнүшү керек, демек, окуучулардын керт башын сыйлап, берген ишенимин аткаруу - ар бир мугалимдин милдети. Адам менен коом боюнча билим берүүнү күчөтүү, этникалык жана тарыхый географияга бөлүү ж.б.

Экологиялаштыруу принцибине география сабагында жаратылышты коргоого тарбиялоо кирет. Глобалдык, регионалдык масштабда география предмети окуучуларды жер шарын ресурс булагы катары эмес, аны өзү төрөлгөн үйү катары сүйүүгө тарбиялоого милдеттүү.

Тарыхый принциптерди мектептерде кеңири пайдалануу: Жер шарынын тарыхы, анын пайда болушу, гүлдөшү, картайышы, тарыхый процесстердин таркалышы байкалат.

Мисалы, төмөндөгү сабактын иштелмесин алып көрөлү.

**“Географияны окутууда экологиялык тарбия берүү”**
**деген темадагы сабактын иштелмеси**

**1. Сабактын темасы: Географияны окутууда экологиялык тарбия берүү.**

**2. Сабактын максаты:**

а) билим берүүчүлүк: Жер шарындагы, анын ичинде Кыргызстандагы жаратылыш ресурстары, социалдык-экономикалык мааниси, экологиялык абалы жөнүндө терең билим алышат;

б) өнүктүрүүчүлүк: географияны окутууда экологиялык тарбия берүү бүгүнкү күндө адам жашоосу үчүн канчалык деңгээлде пайдасы бар экендигин үйрөнүшөт жана ошол эле учурда аларды сарамжалдуу пайдаланууга багыт алышат;

в) тарбия берүүчүлүк: окуучуларды Ата-Мекенди сүйүүгө, анын жаратылыш байлыктарын сактоого терең тарбияланышат.

**3. Сабактын планы:**

а) жалпы маалымат;

б) азыркы учурдагы экологиялык маселелер;

в) жаратылыш ресурстарынын экологиялык мааниси.

**4) Сабактын жабдылышы:** окуу китептери, таблицалар, сүрөттөр, карточкалар жана интерактивдүү доска.

**5. Уюштуруу:** Интерактивдүү методдордун төмөндөгүлөрүн колдонууга болот:

- баяндоо усулу менен географияны окутууда экологиялык тарбия берүү;

- салыштыруу усулу менен өткөн мезгилдеги экологиялык абалды азыркы экологиялык абалга салыштыруу үчүн класстагы окуучулар төрт тайпага бөлүнөт: 1-тайпа − Токой ресурстары; 2-тайпа − Суу ресурстары; 3-тайпа − Минералдык ресурстар; 4-тайпа − Жер ресурстары. Ар бир тайпа өздөрүнө бөлүнгөн тапшырмалар боюнча экологиялык мүнөздөмө беришет.

Мисалга, экологиялык тарбия берүүнүн өзгөчөлүктөрүн чарба үчүн маанисин баса

белгилөө. Азыркы мезгилдеги экологиянын абалын, чарбачылыктагы туура эмес ыксыз пайдаланылып жаткандыгын көрүү менен, жаратылыш ресурстарын көздүн карегиндей сактоого, келечекте жер ресурстарын сарамжалдуу пайдаланууга тарбиялоо. Бул аракеттерди окуучулар өздөрү жашаган аймактагы жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу, экологиялык ийримдерде эгилген бак-дарактарга кантип кам көрөрүн мугалимге жана өз билимдерине таянып ишке ашырышат. Окуучулар бири-бирин окутуу менен алган билимдерин практикада ишке ашыруу оң натыйжа берет.

Жыйынтыктап айтканда, география сабагында ар бир саатты проблемалуу өтүү жана практика менен айкалыштыруу, экологиялык терең тарбия берүү менен сабактын өз максатына жетүүсүнө жардам берет жана окуучуларга «Адамдын керектөөсү чексиз? Ал эми жартылыш байлыгы чектелүү» деген геоэкологиялык маселенин маанисине жеткиликтүү түшүнүк берүү зарыл. Ошону менен бирге өзү жашаган аймакты мисал келтирүү менен сабакты бышыктоого болот.

Сабактын аягында ар бир окуучунун иш-аракетине жараша сунуштарды айтуу менен баалоо максатка ылайык.

Биз окуучуларга экологиялык тарбия берүүнүн усулуна, маани-маңызына карап, өзүнчө да, жалпы да талдап көрдүк. Бул жол-жоболорду ар бир мугалим же тарбиячы шартка, мезгилге жараша, иштин максатына карап тандап, өзгөртүп, байытып, колдонсо, пайдасы азыркы экологиялык кейиштүү абалыбыз үчүн аздыр-көптүр болор эле деген илгери үмүттөмүн. Кандай гана иштин формасы, усулу, жолу болбосун, окуучу экологияны азыркы күндө нан, суу, кийим кандай керек болсо, ошондой зарыл экендигин түшүнсүн. Инсанга экологиялык тарбия билим берүү жана андан пайдалануу жыйынтык алуу үчүн бүгүнкү рыноктук шартта жаратылыш байлыктарынын адамга кандай пайдалуу экендигин жана аны канткенде сактап калса болорлугун түшүндүргөндө гана ага аяр мамиле жасайт деп ойлойбуз.

Адабияттар:

1. Актуальные проблемы географии. Материалы научного семинара, посвященного Дню работников лесного хозяйства Кыргызской Республики. /Самиев К.Т. “Өз мекенинин географиясы” курсунда экологиянын мазмуну. ОшМУ, -2004, 74-б.
2. Кочуров Б.И. Геоэкология: экодиагностика и эколого-хозяйственный баланс территории. - Смоленск, 1999.
3. Маркович Д.Ж. Глобализация и экологическое образование, социальные исследования. – 2001, № 1.
4. Үсөнбаев А. Кожожаш эпосу – Б., 1996. - 99-б.